| | |
|---|---|
| ___S-2024-0004<br>*(Документтин шифри)*<br>____9____<br>*(Беттин саны)*<br>___06.11.2024___<br>*(Бекитилген датасы)* | **Ош мамлекеттик университети**<br>**ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ САЯСАТЫ**<br>**«Ош мамлекеттик университетиндеги философия доктору (PhD)/тармак боюнча докторанттардын илимий стажировкасы жөнүндө» жобо** |

**ОшМУнун ректорунун №6266-ФХД/24 06.11.2024 буйругу менен БЕКИТИЛДИ**

# «ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ ФИЛОСОФИЯ ДОКТОРУ (PHD)/ТАРМАК БОЮНЧА ДОКТОРАНТТАРДЫН ИЛИМИЙ СТАЖИРОВКАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

2024-жыл

| | |
|---|---|
| ___S-2024-0004<br>*(Шифр документа)*<br>____9____<br>*(Количество страниц)*<br>___06.11.2024___<br>*(Дата утверждения)* | **Ошский государственный университет**<br>**НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ПОЛИТИКА**<br>**Положение «о научной стажировке докторантов философии (PhD) доктора по профилю в Ошском государственном университете»** |

**УТВЕРЖДЕНО**
**приказом ректора ОшГУ №6266-ФХД/24 от 06.11.2024**

# ПОЛОЖЕНИЕ

## «О НАУЧНОЙ СТАЖИРОВКЕ ДОКТОРАНТОВ ФИЛОСОФИИ (PHD) ДОКТОРА ПО ПРОФИЛЮ В ОШСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ УНИВЕРСИТЕТЕ»

2024 год

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | «Ош мамлекеттик университетиндеги философия доктору (PhD)/тармак боюнча докторанттардын илимий стажировкасы жөнүндө» жобо |
| Документтин теги | Илимий-изилдөө саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун чечими менен 2024-жылдын 30-октябрындагы №2 протоколу, 06.11.2024-ж. №6266-ФХД/24 буйругу. |
| Документтин шифри | ***S-2024-0004*** |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУда билим алган PhD докторанттарынын чет өлкөлүк илимий стажировкасын уюштуруунун негизги принциптерин камтыйт. Анда бул процесстин максаттары жана милдеттери белгиленип, билим берүү программасынын жетекчисинин жана илимий жетекчинин функциялары көрсөтүлгөн. PhD докторанттарынын илимий-изилдөө стажировкасы окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Стажировка учурунда докторанттар теоретикалык билим алуу процессинде өздөштүргөн билимдерин терендетип, бекемдеп жана конкреттештиришет. Бул жобо университеттин илимий-изилдөө саясатынын негизги документтеринин бири болуп эсептелет. |

## ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА

| | |
|---|---|
| Название документа | Положения «о научной стажировке докторантов философии (PhD) доктора по профилю в Ошском государственном университете» |
| Тег документа | Научно-исследовательская политика |
| Тип документа | Положение |
| Дата утверждения | Принят решением очередного заседания Ученого совета ОшГУ протокол № 2 от 30 октября 2024 года приказ № 6266-ФХД/24 от 06.11.2024 года. |
| Шифр документа | ***S-2024-0004*** |
| Аннотация документа | Настоящий документ содержит принципы организации зарубежной научной стажировки докторантов PhD, обучающихся в ОшГУ. Показаны Цели и задачи этого процесса и отмечаны функции руководителя ОП и научного руководителя. Научно-исследовательская стажировка докторантов PhD является важной частью учебного процесса. В процессе исследовательской стажировки конкретизируются, закрепляются и углубляются знания докторантов, приобретенные в ходе теоретического обучения. Положение является документом системы научно-исследовательской политики Университета. |

| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1 |
| Нормативдик документтин паспорту | 2 |
| 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 2. Чет өлкөлүк илимий стажировкасынын максаттары жана милдеттери | 5 |
| 3. Чет өлкөлүк илимий стажировканы уюштуруу | 5 |
| 4. Илимий стажировканы каржылоо | 8 |
| 5. PhD докторанттарынын илимий-изилдөө стажировкасы | 8 |
| 6. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби | 9 |

| СОДЕРЖАНИЕ ДОКУМЕНТА | |
|---|---|
| Титульный лист | 1 |
| Паспорт нормативного документа | 2 |
| 1. Общие положения | 3 |
| 2. Цели и задачи зарубежной научной стажировки | 5 |
| 3. Организация зарубежной научной стажировки | 5 |
| 4. Финансирование научной стажировки | 8 |
| 5. Научно-исследовательская стажировка докторантов PhD | 8 |
| 6. Порядок внесения изменений и дополнений | 9 |

| | |
|---|---|
| **S-2024-0004**__ *(Документтин шифри)* **06.11.2024** *(Бекитилген датасы)* | **Ош мамлекеттик университети** **ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ САЯСАТЫ** **Ош мамлекеттик университетинде PhD/тармак боюнча докторанттардын өз алдынча иши жөнүндө" жобо** |

| | |
|---|---|
| **S-2024-0004**___ *(Ширф документа)* **06.11.2024** *(Дата утверждения)* | **Ошский государственный университет** **НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ПОЛИТИКА** **«О самостоятельной работе докторантов PhD/по профилю в Ошском государственном университете»** |

| 1. Жалпы жоболор | 1. Общие положения |
|---|---|
| 1.1. Бул Жобо төмөнкү ченемдик документтердин негизинде иштелип чыккан:<br>- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы 11.08.2023 № 179.<br>- Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө» мыйзамы 2023-жылдын 8- | 1.1. Настоящее Положение разработано на основе следующих нормативных документов:<br>- Закон Кыргызской Республики «Об образовании» от 11.08.2023 г. № 179.<br>- Закон Кыргызской Республики «О науке» от 08.11.2023 г. № 170. |

| | |
|---|---|
| ноябрь №170.<br>- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу токтому<br>- ОшМУнун Уставы жана Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган башка нормативдик-укуктук актылар. | - Об утверждении Положения о порядке организации послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/доктора по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 27 августа 2024 года № 517.<br>- Устава ОшГУ и других нормативно-правовых актов, регулирующих деятельность высших учебных заведений КР. |
| 1.2. PhD докторанттарынын чет өлкөлүк стажировкасы диссертациялык изилдөөнүн алкагында жакынкы же алыскы чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайында жана/же ири илимий-изилдөө борборунда жүргүзүлөт. | 1.2. Зарубежная стажировка докторантов PhD осуществляется в рамках диссертационного исследования в вузе и/или крупно исследовательском центре ближнего или дальнего зарубежья |
| 1.3. Чет өлкөлүк стажировканын мөөнөтү жана убактысы Университет тарабынан өз алдынча аныкталат жана объективдүү себептерден улам форс-мажордук жагдайларда өзгөртүлүшү мүмкүн. | 1.3. Сроки и время прохождения зарубежной стажировки определяются университетом самостоятельно и могут быть изменены в случаях форс-мажора по объективной причине. |
| 1.4. PhD докторанттарынын чет өлкөлүк илимий стажировкасы ОшМУ менен жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлары, илимий уюмдар жана тиешелүү тармактардагы уюмдар арасында түзүлгөн келишимдердин, макулдашуулардын жана меморандумдардын негизинде жүргүзүлөт. | 1.4. Зарубежная научная стажировка докторантов PhD осуществляется на основании: договоров, соглашений и меморандумов, заключенных между ОшГУ и другимим вузами, научными организациями и организациями соответствующих отраслей ближнего и дальнего зарубежья. |
| 1.5. Окуучулар стажировка өтүү үчүн чет өлкөлүк жогорку окуу жайын же илимий-изилдөө уюмдарын тандоого укуктуу. Ал эми кабыл алуучу окуу жай/уюм тиешелүү багытта билим берүү программасын ишке ашырышы жана докторанттын изилдөө багытына шайкеш келиши милдеттүү шарт болуп эсептелет. | 1.5. Обучающиеся могут выбрать зарубежный вуз/научно-исследовательскую организацию для прохождения стажировки. Обязательным условием является наличие соответствующего направления и реализация соответствующей образовательной программы принимающим вузом/ организацией. |
| 1.6. Чет өлкөлүк илимий стажировканы пландаштыруудан мурун PhD докторант базалык жана профилдик дисциплиналарды камтыган теориялык | 1.6. До планирования зарубежной научной стажировки PhD докторант должен освоить теоретическое обучение, включающее базовые и |

| | |
|---|---|
| окуу программасын өздөштүрүп, илимий-изилдөө иш жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болушу керек. | профилирующие дисциплины и иметь научно исследовательские навыки. |
| **2. Чет өлкөлүк илимий стажировканын максаттары жана милдеттери** | **2. Цели и задачи зарубежной научной стажировки** |
| 2.1. Максаты – ата мекендик жана чет өлкөлүк илимдин жаңы теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерин изилдөө, ошондой эле изилдөөдө илимий, кесиптик ишмердүүлүктүн практикалык көндүмдөрүн бекемдөө, заманбап илимий изилдөө ыкмаларын, эксперименталдык маалыматтарды иштеп чыгуу жана чечмелөө ыкмаларын колдонуу. | 2.1. Цель – изучение новейших теоретических, методологических и технологических достижений отечественной и зарубежной науки, а также закрепления практических навыков научной, профессиональной деятельности, применения современных методов научных исследований, обработки и интерпретации экспериментальных данных в исследовании. |
| 2.2. PhD докторанттарынын чет өлкөлүк илимий стажировкасы төмөнкүлөргө багытталган:<br>1) Доктордук диссертациянын тапшырмаларын аткаруу;<br>2) Чет өлкөлүк илимдин акыркы теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктери менен таанышуу, заманбап илимий изилдөө ыкмалары, эксперименталдык маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо ыкмалары менен таанышуу;<br>3) Окуу процессинде алынган теориялык билимдерди бекемдөө, окутулуучу билим берүү программасы (мындан ары - БП) боюнча практикалык көндүмдөрдү, компетенцияларды жана кесиптик ишмердүүлүк тажрыйбасын алуу, ошондой эле алдыңкы чет өлкөлүк тажрыйбаны өздөштүрүү. | 2.2. Зарубежная научная стажировка докторантов PhD направлена на:<br>1) выполнение задач докторской диссертации;<br>2) ознакомление с новейшими теоретическими, методологическими и технологическими достижениями зарубежной науки, с современными методами научных исследований, обработки и интерпретации экспериментальных данных;<br>3) закрепление теоретических знаний, полученных в процессе обучения приобретения практических навыков, компетенций и опыта профессиональной деятельности по обучаемой образовательной программе (далее - ОП), а также освоения передового зарубежного опыта. |
| **3. Чет өлкөдөгү илимий стажировканы уюштуруу** | **3. Организация зарубежной научной стажировки** |
| 3.1. PhD докторанттарынын чет өлкөдөгү илимий стажировкасын уюштуруу иштери билим берүү программасынын жетекчиси жана аспирантура жана докторантура бөлүмү (кейинчерээк «АиД») тарабынан жүргүзүлөт. Илимий-изилдөө стажировкасынын узактыгы – 2 жума, бул | 3.1. Организацией прохождения докторантами PhD научной стажировки за рубежом занимаются руководитель программы и отдел аспирантуры и докторантуры (далее «АиД»). |

| | |
|---|---|
| доктoранттын практикалык иштөө убактысына негизделген, бир жумасы 40 саатка барабар. | Продолжительность научно-исследовательской стажировки – 2 недели, исходя из нормативного времени работы, докторанта на практике в течение недели, равного 40 часам. |
| 3.2. Билим берүү программасынын жетекчисинин жана илимий жетекчинин функциялары:<br>1) Эл аралык байланыштар бөлүмү менен биргеликте PhD докторанттарынын чет өлкөдөгү илимий стажировкалары үчүн жогорку окуу жайлары менен/илимий уюмдар менен келишимдерди түзүүгө жооп берет;<br>2) PhD докторантынын илимий жетекчиси чет өлкөдөгү илимий стажировканын программасын иштеп чыгат, стажировка планын түзүүгө жардам берет жана докторантка стажировка учурунда аткарыла турган жеке тапшырмаларды даярдайт;<br>3) Докторант чет өлкөгө илимий стажировкага баруу үчүн программа жетекчисинин, декандын/директордун/бекитилген кафедрасынын жана илимий жетекчисинин макулдуктары менен жөнөтүлөт. Бул докоранттын арызына, түзүлгөн келишимдерге, стажировканын мөөнөттөрүнө, ордуна жана келишимдин номерине, датасына кошулуп жазылып «АиД» бөлүмүнө буйрук чыгаруу үчүн жөнөтүлөт;<br>4) Чет өлкөдөгү илимий стажировкадан өткөндөн кийин, PhD докторанттарынын стажировкасынын жыйынтыктары график боюнча бекитилген жыйынында программа жетекчисинин, декандын/директордун/бекитилген кафедрасынын алдында талкуулоо аркылуу бааланат. | 3.2. Функции руководителя ОП и научного руководителя:<br>1) Обеспечивает совместно с отделом международных связей заключение договоров с вузами/научными организациями по совместной деятельности на прохождение докторантами PhD научных стажировок;<br>2) Научный руководитель докторанта PhD разрабатывает программу зарубежной научной стажировки, оказывают содействие в составлении плана научной стажировки и составляет индивидуальные задания докторанта на период стажировки.<br>3) Докторант направляется на зарубежную научную стажировку с согласия руководителя программы, декана/директора/закрепленной кафедры и научного руководителя. Это оформляется в заявлении докторанта, с приложением заключенных договоров, указанием сроков стажировки, места стажировки, номера и даты договора стажировки, и передается в отдел «АиД» для формирования приказа<br>4) После прохождения научной стажировки за рубежом результаты стажировки PhD докторантов оцениваются через обсуждение на заседании, утвержденном по графику, перед руководителем программы, деканом/директором/утвержденной кафедрой. |
| 3.3. "АжД" бөлүмүнүн функциялары:<br>1**)** Арыздын негизинде PhD докторанттарын чет өлкөлүк илимий стажировкага жөнөтүү жөнүндө буйруктарды даярдайт; | 3.3. Функции отдела «АиД»:<br>1) Подготавливает приказы о направлении на зарубежную научную стажировку докторантов PhD на основании заявления; |

| | |
|---|---|
| 2) Илимий стажировканы өткөрүү болжолдонуп жаткан өлкөлөрдүн мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен, чет өлкөлүк илимий стажировкалар боюнча келишимдерди даярдоону координациялайт. Келишимдердин формасы жана мазмуну уюштурулган илимий стажировканын шарттарына, аны өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө, кабыл алуучу тараптын талаптарына жараша болот;<br>3) Илимий стажировкадан өтүү маселелери боюнча PhD докторанттары менен инструктаждарды, консультацияларды, жыйналыштарды өткөрөт. | 2) Осуществляет координацию подготовки договоров по зарубежным научным стажировкам с учетом требований законодательства стран, где предполагается проведение научной стажировки. Форма и содержание договоров зависят от условий организуемой научной стажировки, особенностей ее проведения, требований принимающей стороны;<br>3) Проводит инструктажи, консультации, собрания с докторантами PhD по вопросам прохождения научной стажировки. |
| 3.4. Чет өлкөдөгү илимий стажировканы расмийлештирүү үчүн PhD докторанттар төмөнкү документи ишке ашыруу үчүн «АжД» бөлүмүнө тапшырышы керек:<br>1) Университеттин ректорунун атына жазылган арыз, илимий жетекчинин, кафедра башчысынын, билим берүү программасынын жетекчисинин жана структуралык факультеттин жетекчисинин макулдуктары менен;<br>2) Чет өлкөдөгү илимий стажировканы өтүү боюнча жеке план, илимий жетекчи жана программа жетекчиси менен макулдашылган, 1-Тиркеме формасы боюнча. | 3.4. Для оформления научной зарубежной стажировки докторантам PhD необходимо представить следующие документы в отдел «АиД»:<br>1) заявление на имя ректора Университета с визами научного руководителя, заведующего кафедрой, руководителя ОП, руководителя структурного факультета;<br>2) индивидуальный план прохождения зарубежной научной стажировки, согласованный с научным руководителем и руководителем программы по форме Приложение 1; |
| 3.5. Университеттин жетекчилиги оң чечимди кабыл алгандан кийин, PhD докторантты чет өлкөгө илимий стажировкага жиберүү боюнча буйруктун долбоору даярдалат. | 3.5. После принятия положительного решения руководством Университета готовит проект приказа о командировании докторанта PhD на научную стажировку за рубеж. |
| 3.6. Илимий-изилдөө стажировкасынан өткөндүгү тууралуу отчет жана чет өлкөлүк илимий кеңешчинин стажировка боюнча жыйынтыктарга болгон пикирди докторант PhD билим берүү программасынын жетекчисине жана «АжД» бөлүмүнө тапшырат. Тиркеме 1. | 3.6. Отчет о прохождении научно-исследовательской стажировки, и отзыв зарубежного научного консультанта о результатах научной стажировки представляется докторантом PhD руководителю программы и в отдел «АиД» Приложение 1. |
| 3.7. Отчет - бул PhD докторантынын даярдык деңгээлин жана кесиптик багытын мүнөздөгөн негизги документ болуп саналат. | 3.7. Отчет является основным документом, который характеризует уровень подготовленности и профессиональной направленности докторанта PhD. |

| | |
|---|---|
| 3.8. Эгерде чет өлкөдөгү стажировканы өткөрүү тууралуу документ болбосо же төмөн баа алынган болсо, докторант кайра курска калат же академиялык жетишсиздик үчүн университеттен чыгарылышы мүмкүн. | 3.8. При получении неудовлетворительной оценки или отсутствие документа о прохождении зарубежной стажировки докторант остается на повторный курс или отчисляется из Университета за академическую неуспеваемость. |
| **4. Илимий стажировканы каржылоо** | **4. Финансирование научной стажировки** |
| 4.1. Чет өлкөдөгү илимий стажировка төмөнкү булактардан каржыланат:<br>1) Кабыл алган тараптын каражаты, анын ичинде эл аралык уюмдар жана жеке фонддор тарабынан берилген гранттар;<br>2) Докторанттын өз каражаты. | 4.1. Финансирование зарубежной научной стажировки осуществляется за счет:<br>1) Средств принимающей стороны, в том числе грантов международных организаций и частных фондов;<br>2) собственных средств докторанта. |
| **5. PhD докторанттар үчүн илимий-изилдөө стажировкасы жана практикасы** | **5. Научно-исследовательская стажировка и практика докторантов PhD** |
| 5.1. Докторанттар үчүн илимий-изилдөө стажировкасы окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Изилдөө стажировкасынын жүрүшүндө теориялык билим алуу процессинде алынган билимдер такталып, бекемделип жана тереңдетилет. | 5.1. Научно-исследовательская стажировка докторантов PhD является важной частью учебного процесса. В процессе исследовательской стажировки конкретизируются, закрепляются и углубляются знания докторантов, приобретенные в ходе теоретического обучения. |
| 5.2. Илимий стажировкага теориялык окуу программасын толук аткарган PhD доктoранты гана катыша алат. | 5.2. К научной стажировке допускается докторант PhD, полностью выполнивший учебный план теоретического обучения. |
| 5.3. Илимий-изилдөө стажировкасын өтүү үчүн PhD докторант ОшМУнун аспирантура жана докторантура бөлүмүнөн төмөнкүлөрдү алышы керек:<br>• индивидуалдык иш планынын формасын;<br>• илимий-изилдөө стажировкасына жолдомо;<br>• илимий-изилдөө стажировкасы боюнча отчет формасы. | 5.3. Для прохождения научно-исследовательской стажировки докторант PhD обязан получить из отдела аспирантуры и докторантуры ОшГУ:<br>- форму индивидуального плана работы;<br>- направление на научно-исследовательскую стажировку;<br>- форму отчета по научно-исследовательской стажировке. |
| 5.4. Илимий-изилдөө стажировкасынын узактыгы – 2 жума. | 5.4. Продолжительность научно-исследовательской стажировки – 2 недели. |
| 5.5. PhD докторантынын илимий-изилдөө стажировкасы заманбап теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерди | 5.5. Научно-исследовательская стажировка PhD докторанта проводится с целью изучения новейших теоретических, |

| | |
|---|---|
| үйрөнүү, ошондой эле илимий жана кесиптик ишмердүүлүктө практикалык көндүмдөрдү бекемдөө максатында жүргүзүлөт. Мындан тышкары, ал илимий изилдөөнүн заманбап ыкмаларын колдонууга, эксперименттик маалыматтарды иштеп чыгууга жана талдоого багытталган. Илимий-изилдөө стажировкасынын мазмуну докторлук диссертациянын (PhD) темасына жараша аныкталат. | методологических и технологических достижений отечественной и зарубежной науки, а также закрепления практических навыков научной, профессиональной деятельности, применения современных методов научных исследований, обработки и интерпретации экспериментальных данных в диссертационном исследовании. Содержание научно-исследовательской стажировки определяется темой докторской диссертации (PhD). |
| 5.6. Илимий-изилдөө стажировкасы аяктагандан кийин PhD докторант ОшМУнун аспирантура жана докторантура бөлүмүнө бекитилген форма боюнча отчет жана илимий-изилдөө стажировкасы үчүн коюлган баа менен тапшырышы керек. Отчет PhD докторантынын даярдык деңгээлин жана кесиптик багытын мүнөздөгөн негизги документ болуп саналат. | 5.6. По окончанию научно-исследовательской стажировки PhD докторант представляет в отдел аспирантуры и докторантуры ОшГУ отчет по утвержденной форме и оценку за научно-исследовательскую стажировку. Отчет является основным документом, который характеризует уровень подготовленности и профессиональной направленности PhD докторанта. |
| 5.7. Форс-мажордук жагдайларда (табиый кырсыктар, эпидемия, согуш аракеттери, техногендик кырсыктар ж.б.) докторанттын илимий-изилдөө стажировкасы ар бир учурга жараша өзүнчө каралат. | 5.7. При форс-мажорных обстоятельствах (стихийное бедствие, эпидемия, военные действия, техногенные катастрофы и др.) научно-исследовательская стажировка докторанта предусматривается отдельно в каждом случае. |
| 5.8. Канааттандырарлык эмес баа алуу же керектүү документтерди тапшырбоо кайрадан илимий-изилдөө стажировкасын өтүүгө, курсту кайталап окууга же окуудан чыгарылууга алып келет. Илимий-изилдөө стажировкасын кайрадан өтүү мөөнөтү жана шарттары ар бир учурга жараша профилдик базалык докторантура (PhD) тарабынан аныкталат. | 5.8. Получение неудовлетворительной оценки или не предоставление документации влечет за собой повторное прохождение научно-исследовательской стажировки, оставление на повторный курс или отчисление. Сроки и условия повторного прохождения научно-исследовательской стажировки устанавливаются в каждом отдельном случае базовой докторантурой (PhD) по профилю. |
| 5.9. Университеттеги ички практикалык иштердин аткарылышы Ректордун буйругуна ылайык, илимий-изилдөө, илимий-педагогикалык жана өндүрүштүк практика тиешелүү кафедраларда жүргүзүлөт. PhD докторанттар жана окутуучулар белгиленген кафедрада практикалык иш-чараларды аткарып, тиешелүү отчетторду тапшырат. | 5.9. Выполнение внутренней практики в университете в соответствии с приказом ректора, научно-исследовательская, научно-педагогическая и производственная практика проводится на соответствующих кафедрах. Докторанты PhD и преподаватели выполняют практические |

| | |
|---|---|
| | мероприятия на назначенной кафедре и представляют соответствующие отчёты. |
| **6. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби** | **6. Порядок внесения изменений и дополнений** |
| 6.1. Жаңы кырдаалдарга жараша, ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө жол берилет. | 6.1. В зависимости от сложившихся обстоятельств допускается внесение изменений и дополнений в настоящее Положение. |
| 6.2. Ушул Жобого ылайык өзгөртүүлөр жана толуктоолор ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен талкууланып, бекитилгенден кийин ОшМУнун ректорунун буйругу менен күчүнө кирет | 6.2. Внесение изменения и дополнения осуществляется в соответствии с настоящим Положением после обсуждения и согласования решением Ученого совета ОшГУ и вступает в силу приказом ректора ОшГУ |

*1-ТИРКЕМЕ*

## Илимий-изилдөө стажировкасы боюнча отчет

1. PhD докторантынын аты-жөнү:
2. Стажировка өткөн жай:
3. ЖОЖ/Уюм:
4. Факультет:
5. Стажировканы өтүү мөөнөтү:
   *Башталышы:*
   *Аяктоосу:*

## Киришүү

1. Чет өлкөдө өткөн илимий-изилдөө стажировкасы докторанттын чет өлкө илиминдеги заманбап теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерди үйрөнүү, ошондой эле диссертациясында заманбап илимий изилдөөнүн ыкмаларын колдонуу, эксперименттик маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо боюнча практикалык көндүмдөрдү бекемдөө максатында жүргүзүлөт. PhD ___________________ боюнча.

*ПРИЛОЖЕНИЯ 1*

## Отчет о научно-исследовательской стажировке

1. ФИО докторанта PhD:
2. Место стажировки
3. Вуз/Организация:
4. Факультет:
5. Сроки прохождения стажировки:
   *Начало:*
   *Окончание:*

## Введение

1. **Зарубежная научно-исследовательская стажировка** докторанта проводиться с целью изучения новейших теоретических, методологических и технологических достижений зарубежной науки, а также закрепления практических навыков, применения современных методов научных исследований, обработки и интерпретации экспериментальных данных в докторской диссертации по PhD____________________________________________________
   ________________________________________________

## Негизги бөлүк

Докторлук диссертациясынын темасы:

| **Илимий-изилдөө стажировкасынын максаты жана милдеттери:** | **Илимий-изилдөө стажировкасынын максатына жана милдеттерине жетүү үчүн өткөрүлгөн иш-чаралар:** | **Аткаруучу мөөнөттөр:** | **Жетишилген жыйынтык:** |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| Мисал:<br>1. Докторлук диссертациянын проблемасы боюнча концепциялар жана илимий ыкмаларды салыштыруу. | 1.1. Алынган негизги жана алдын ала жыйынтыктарды докторлук диссертациянын биринчи иш жору (черновой) вариантында түзүп даярдоо. | | |
| | | | |
| | | | |

«_______________________________________________»

## Основная часть

Тема диссертационного исследования:

«_______________________________________________»

| **Цель и задачи научно-исследовательской стажировки** | **Мероприятия для достижения цели и задач научно-исследовательской стажировки** | **Срок и выполнения** | **Достигнутый результат** |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| ***Пример:***<br>1. Сравнить концепции, научные подходы по проблеме диссертационного | 1.1. Оформление полученных опорных, предварительных результатов диссертационного исследования в первый рабочий (черновой) вариант будущей диссертации. | | |
| | | | |
| | | | |

## Жыйынтык

**Илимий-изилдөө стажировкасы боюнча кыскача жыйынтыктар:**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

Илимий-изилдөө стажировкасынын орду

Илимий-изилдөө стажировкасыынын жетекчиси

______________________________________________

(ФАА)

Илимий жетекчи /консультант

______________________________________________

(ФАА)

«_____»_____20____-ж.      МО

## Заключение

**Краткие выводы по научно-исследовательской стажировке:**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

Место научно-исследовательской стажировки

Руководитель научно-исследовательской стажировки

______________________________________________

(ФИО)

Научный руководитель /консультант

______(ФИО)

«_____»_____20____г.        МП

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ош шаары**

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 30-октябрындагы № 2**
**жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**КҮН ТАРТИБИ**

**5. ОшМУнун айрым жоболоруна толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

**УГУЛДУ:** ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор К. Г. Кожобеков ар түрдүү өндүрүштүк № 5.1 маселеде каралган жоболорго Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө билдирүүсү, иш кагаздары менен тааныштырып, талкуута алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «PhD докторантуранын жана ОшМУнун аспирантура жөнүндө» жоболоруна кабыл алынган өзгөртүүлөр бекитилсин, жаңы редакциядагы жоболор ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевге милдеттендирилсин.

2. ОшМУда өз алдынча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндөгү жобонун 2.3.7., 2.4. жана 2.5. пунктарына ылайык № 4 тиркемеге кабыл алынган тактоолор жана толуктоолор бекитилсин, жаңы редакциядагы жобо ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Ж. А. Артыковага милдеттендирилсин.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**

№ 6266-ФХД/24 06.11.2024

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

(ОшМУнун айрым жоболоруна толуктоолорду киргизүү жөнүндө)

2024-жылдын 30-октябрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 2 протоколунун чечиминин негизинде ар түрдүү өндүрүштүк маселеде каралган жоболорго толуктоолорду жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү № 5.1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. «PhD докторантуранын жана ОшМУнун аспирантура жөнүндө» жоболоруна кабыл алынган өзгөртүүлөр бекитилсин, жаңы редакциядагы жоболор ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевге милдеттендирилсин.

2. ОшМУда өз алдынча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндөгү жобонун 2.3.7., 2.4. жана 2.5. пункттарына ылайык № 4 тиркемеге кабыл алынган тактоолор жана толуктоолор бекитилсин, жаңы редакциядагы жобо ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Ж. А. Артыковага милдеттендирилсин.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью

## Лист согласования

### ОК № 2, 30.10.2024 өндүрүштүк маселе (жоболорго толуктоо, өзгөртүү киргизүү) № 6266-ФХД/24 от 06-11-2024

Описание: ОК № 2, 30.10.2024 өндүрүштүк маселе (жоболорго толуктоо, өзгөртүү киргизүү)

Инициатор: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна

Предмет согласования:

Приказ "ОК № 2, 30.10.2024 өндүрүштүк маселе (жоболорго толуктоо, өзгөртүү киргизүү) (№ 6266-ФХД/24 от 06-11-2024)"

| № | ФИО | Должность | Результат | Дата | Примечание |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна | Ученый секретарь (Ректорат) | Согласован | 05-11-2024 | |
| 2 | Молдалиев Жоомарт Тумакович | Заведующий отделом (Жалпы клиникалык биохимия жана патофизиология ) | Согласован | 05-11-2024 | |
| 3 | Артыкова Жылдыз Абдисаламовна | Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги (Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын маалыматтык-аналитикалык бөлүмү) | Согласован | 05-11-2024 | |
| 4 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор (Ректорат) | Утвержден | 06-11-2024 | |
| 5 | Батралиева Азиза Мухтаровна | Инспектор (Диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген илим изденүүчүлөр сектору) | Выполнен | 06-11-2024 | |

16